"Бекитем"

Мектептин директору: М.Өмүрбеков

09.11.2022-жыл.

**М.Барпиев атындагы №19 Жылгын жалпы орто билим берүүчү мектеби.**
**Өрт коопсуздугун сактоо жөнүндө инструкциялар**

(Кыргыз Республикасывын Өзгөчө Кырдаалдар Министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Аксы райондук бөлүмү тарабынан сунушталган)

**Мекеме иш-каналарында өрт жана өзгөчө кырдаалдар учурундагы иш аракеттер**

Коомдук жана башка адам көп болгон жайларда эвакуация кылуу көп убакытты алат ошондуктан өрт чыкса, кабыл алынган чараларды ырааты менен колдонуу керек.

**Биринчиден өрттөнүп жаткан бөлмөнүн эшигин жабуу керек.**

Эгер сиз өрттү терезенин сыртынан көрсөңүз. анда ал бөлмөгө кирүүгө аракет кылбаныз.

Ачык эшик түтүндү эле чыгарбастан, ошондой эле эвакуация кылууга да тоскоолдук кылат, күтүлбөгөн жерден кошумча абанын кириши өрттү чоң ылдамдыкта өөрчүшүнө алып келет.

Тезинен **айгай (тревога)** көтөрүп, катуу кыйкырып өрт жөнүндө билдирүү керек.

Өрт жөнүндө жакын турган персоналдардын мүчөсүнө билдириңиз, ал болсо адамдарды тез аранын ичинде имаратынан эвакуация кылуу чараларын көрөт.

Ар бир адам милдеттүү түрдө мурдатан макулдашылган чогулуу пунктуна келүү керек. ал жерде бардыгы эвакуацияланганын билүү үчүн атынан айтып текшерүү жүргүзүлүүсү зарыл.

Өрт чыгаары менен тез арада **101** телефонуна чалып, өрткө каршы-куткаруу кызматын чакыруу керек.

**Өрткө каршы-куткаруу кызматы келген маалга биринчи кезекте төмөнкүлөрдү билүү зарыл.**

Өрт кайсыл бөлмөдө болуп жатат. Имараттан бардыгы эвакуацияланганбы?

**Өрт учурунда эвакуациялоонун тартиби**

Айгай
Өрткө каршы-куткаруу кызматын чакыруу
Эвакуация
Чогулуу
Атынан айтып текшерүү

**-Айгай (Тревога)**

Ар бир адам (окуучубу же персоналдын мүчөсүбү) өрт чыкканын байкагандан кийин, олку-солку болбостон өрт жөнүндө айгай көтөрүшү керек.

**Өрткө каршы-куткаруу кызматын чакыруу**

Ар кандай өрттүн жана башка өзгөчө кырдаалдар чыгышы тууралуу, жада калса

кичине өрт болсо да. же өрт жөнүндө шек туулса өрткө каршы-куткаруу кызматына ыкчам ыкма менен кабарлоо керек.

**-Экауация**

Кызматкерлер жана башка адамдар айгайды уккандан кийин бардыгы бөлмөдөн жооптуу ыктыярдуу кошундун башчысынын көрсөтүүсү менен бир бирден бөлмөнү таштап, чогулуу пунктуна баруулары керек. Бөлмөнүн жана эвакуациянын жолундагы эвакуация учурунда колдонулбай турган башка бардык эшиктерди жабуу керек.

**-Чогулуу**

Чогулуу жайы мурдатан макулдашылышы керек.
Чогулуу жайына келип, ар бир адамдардын тобу аныкталган жайларды ээлеп, тарап кетпей, ошол жерде болуп турушу керек.

**-Атын айтып чакыруу**

Адамдар чогулуу жайына келээри менен тезинен атынан айтып чакырууну жүргүзүү керек

**-№1 ереже**

Жолдогу бардык эшиктерди жапкыла-муну менен сиз өрттүн жолун торойсуз (жабык эшик өрттү I5 мүнөт кармайт )

**-№2 Ереже**

Өрттөн качып баратып өрт жөнүндө бардыгына эскертиниз (эч нерсе издебениз, өрттөн тезирээк кетиңиз)

**-№3 Ереже**

Өрт жөнүндө кабарланыз.

**-№4 Ереже**

Эвакуацияланыңыз.

**-№5 Ереже**

Ишканада же жакын арадагы таксофондон, телефондон 101-номерин терип өрткө каршы-куткаруу кызматына өрт болгон жердин дареги жана өзүнүз жөнүндө (фамилия, атын кайсыл жерде иштешин) так маалыматты бери- ңиз.

**-№6 Ереже**

Кайра артка кирбеңиз-сиз жолдо күйүп калышыңыз же газга ууланышыңыз мүмкүн.

## Өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча инструкциясы.

Бул инструкция өрт коопсуздугун сактоонун негизинде иштелип, Кырыз Республикасынын Өкмөтүнүн № *381* Токтому менен 2018-жылы 28-август күнү бекитилип, Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан бардык обьектилердин ведомстволук жана менчик түрүнө карабай өрткө каршы коргонуучу камсыздандыруучу документ болуп эсептелет.

### Имарат жана бөлмөлөрдө тыюу салынат.

Мекеме же ишканалардын имараттарында жарылып кетүүчү, материалдарды ж.б. нерселерди сактоого болбойт. Тез күйүүчү, өрт алуучу суюктуктарды, газ баллондорду, жарылуучу заттарды сактоого болбойт. Бөлмөдө бензин менен, керосин менен жана башка тез күйүүчү заттар, газдуу суюктуктар менен тазалоого болбойт. Тоңуп калган трубаларды эритүүчү, ачык өрт чыгуучу паяльник менен ысытууга болбойт. Терезелерге жабык решетка орнотууга болбойт.
Ишкананын негизги бөлмөлөрүндө өрт өчүрүүчү каражаттар менен камсыздандырылган болуусу зарыл. Күйүүчү заттардын чыгындысын жумуш күнү аяктаганда сыртка чыгарылып коюлуусу зарыл.

## Эвакуация жолу.

Эвакуация жолундагы эшиктер жеңил ачылуучу болуу керек, сыртка чыгууга багытталган болушу зарыл.
Эвакуациялык чыгуу жолдогу эшиктердин ачылуу жабылуусу жана ичинен кулптанбаган болуу керек. Эвакуация жолунда сигнал түстөрү, өрт коопсуздугу талаптарындай болуу керек .
Эвакуация жолун же коридорлорду тепкичти, площадканы керексиз буюмдар, чыгындылар, мусорлор менен тоскоол кылып тоспоо керек, эшикти бекемдеп кагып салбоо керек.
Эвакуация жолундагы эшиктер жөнөкөй болууга тийиш. Жылып ачылуучу, өйдө-төмөн көтөрүлүүчү, турниктери менен эшиктер болбоосу керек.
Эвакуация жолунда адамдар кенен качып чыгууга тоскоол болбош керек.
Коридорлор, балкондор, тепкичтерге решеткалар коюлбаган ачык болууга тийиш.
Эвакуация жолунда ар түрдүү инвентарларды буюмдарды сактоого болбойт.
Дубалды, тепкичтерди, потолокту жасалгалоодо күйүүчү каражатты кошпоо керек.

## Ток булактарынын жана электр түтүктөрүнүн өрт коопсуздугуна карата жайгаштырылуусунун талаптары.

Электр тармактарын алмаштырууда тыюу салынат:
Электр приборлорун алмаштырууда өрт чыгып кетүү коркунучу бар үчүн приемник, кабель, эскирип кеткен зымдарды колдонууга тыюу салынат.
Рубильник, бузулган розеткаларды колдонууга тыюу салынат.
Электр лампаларды, светильниктерди жана башка күйүүчү материалдарды кагаз менен ороого болбойт. Электр жылыткычтарды, кипятильник, электро-чайнек, үтүк, плиткаларды ысык өтпөөчү нерселердин үстүнө коюу зарыл, ысык өтсө өрт чыгып кетүүсү ыктымал.
Замыкание болуп, ээрип кетүүчү колго жасалган электр жылыткычтарды колдонууга тыюу салынат. Электро щиттин, электро кыймылдаткычтын жана ишке киргизүүчү аппаратуранын алдына тез күйүүчү заттарды жана материалдарды койгонго тыюу салынат .

## Өрт учурунда кыймыл аракеттин жолдору

Ар бир жумуш кызматкер иш ордунда өрттүн жытын, жалынга шектенсе: ишкананын жетекчисине билдирип ошол эле убакытта өрткө каршы кызматына **101ге** телефон аркылуу чалып өрт болуп жаткан жердин дарегин, өзүнүн фамилиясын, атын айтуу керек.
Жетекчилер өрт коопсуздугуна жоопкерчилигине жооптуу киши эмне кылуусу керек:
Өрт чыккандыгы жөнүндө өрткө каршы кызматына билдирип телефон аркылуу **101ге** чалуу керек. Адамдардын жанына зыян келтирүүсүн билип калса аларды куткарууга аракет жасоо керек.
Өрт учурунда электро энергияны, газдуу, пардуу, суулуу коммуникациялардын ишин токтотуу зарыл.
Өрт өчүрүүгө катышпаган башка бардык адамдарды өрт күйүп жаткан жерден чыгарып кетүүсү керек.
Өрт өчүрүп жаткан жумушчуларга керектүү нерселерин камсыз кылуу керек.
Өрт өчүрүлүп жаткан мезгилде материалдык байлыктарды эвакуация кылууга жардам берүү керек.
Өрт болуп жаткан жерге өрткө каршы кызматтын машинасын өрт болгон жерге оной

кирүүсү үчүн жолдорду ачуу зарыл.
Өрт өрткө каршы кызматкеринин жанына зыян келтирбөө үчүн өрт болуп жаткан жерде эмнелер бар экендигин айтып коюусу зарыл. Мисалы: жарылып кетүүчү, коркунучу бар нерселер бар болушу мүмкүн.

**Мектептин өрт коопсуздугун алдын алуудагы иш чаралары:**

**1.Директордун буйругу менен жооптуу адам даыйындалат.**

**2. Иш чара түзүлөт.Кошун түзүлөт,милдеттер бөлүнүп берилет.**

**3.Машыгуу(инструктаж) өткөрүлөт. Кезекчилик уюштурулат.**

**4.Эвакуациялык план имараттардагы өзгөрүүлөргө карата жаңыланып турат.**

**5.Өрт шаймандары туруучу калкан даярдыкта турат.**

Мектептен жана класстан тышкаркы
иштердин уюштуруучусу: Бекташева Н.